КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ЫСЫК-КӨЛ РАЙОНУ

ТОРУ-АЙГЫР-ТАМЧЫ АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ИССЫК-КУЛЬСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА
ТОРУ-АЙГЫР-ТАМЧЫ

**Тору-Айгыр-Тамчы айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин кезектеги онунчу сессиясы**

**Т О К Т О М № 182**

2025-жылдын октябрь айынын 28и Тамчы айылы

Республикалык бюджетинен максаттуу трансферт жана жер салыгынын эсебинен көбөйтүлгөн кирешелер планынын өлчөмүндө жергиликтүү бюджеттин чыгашаларын көбөйтүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" мыйзамынын 34-беренесине, Кыргыз Республикасынын Бюджет кодексинин 102-беренесине ылайык, Республикалык бюджетинен теңдөөчү трансферт жана жер салыгынын эсебинен көбөйтүлгөн кирешелер планынын өлчөмүндө жергиликтүү бюджеттин чыгашаларын көбөйтүү жөнүндө Тору-Айгыр-Тамчы айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин кезектеги онунчу сессиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1.Жер салыгынан кирешелеринин азайганына жана транспорт салыгы жоюлгандыгына байланыштуу республикалык бюджеттен максаттуу трансферт катары түшкөн **2900,8 сом** жергиликтүү бюджетинин чыгашаларынын ичиндеги бөлүмдөргө төмөндөгүдөй бөлүштүрүлсүн:
706- бөлүмдүн (раздел) -2214 ЖКХ беренесине 900,0сом, 3112 беренесине 1317,0сом;
708-бөлүмдүн -2215 маданий иш чаралар беренесине 300,0сом, 2215 спорттук иш чаралар беренесине 150,0сом;
709-бөлүмдүн-2222 СШ с Сары-Камыш беренесине 133,8сом;
710-бөлүмдүн 2721 социалдык коргоо беренесине 100,0сом.

2.КР Министрлер кабинетинин 08.07.2025 №402 Токтомуна ылайык техникалык тейлөө жана кенже тейлөө кызматкерлеринин айлык маянасынын көбөйгөндүгүнө байланыштуу максаттуу трансферт катары республикалык бюджеттен түшкөн **116 400 сомдун** эсебинен жергиликтүү бюджеттин 701 аппарат бөлүмүнүн (2121) соцфонд төлөмдөрү беренеси көбөйтүлсүн.

3.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айыл өкмөтүнүн башчысы А.М.Джаныбековго милдеттендирилсин.

4.Токтомдун өз убагында аткарылышын камсыз кылуу жагы "Бюджет, экономика жана муниципалдык менчик боюнча" туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Н.Т.Иманалиев**